КР Билим жана илим кызматкерлеринин
кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин
26.03.2004-жылдагы №19 токтому менен
бекитилген

Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин сыйлыктары жөнүндө
Жобо

1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин сыйлыгы эмгекчилердин укугун жана кызыкчылыктарын коргоо ишинде, кесиптик бирлик кыймылын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн кесиптик бирлик кызматкерлерин жана активисттерин, студент жаштарды сиңирген эмгеги үчүн баалоонун жана сыйлоонун формасы болуп саналат.

2. КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин сыйлыктары төмөнкүлөрдөн турат

- «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси;
- Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин Ардак грамотасы;
- «Жылдын Бакайы», «Жылдын Датка Айымы», «Жылдын Мырзасы», «Жылдын Айымы» ардактуу наамдары;
- Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин Алкышы;
- Борбордук комитеттин төрагасынын эстелик кол сааты.

2.1. Аталган сыйлыктар мамлекеттик жана расмий тилде берилет.

2.2. Сыйлоо кесиптик бирликтин борбордук, шаардык, райондук комитеттеринин, Чүй областынын райондук жана шаардык комитеттеринин, окуу жайларынын кесиптик бирлик комитеттеринин жана түздөн-түз баш ийүүчү уюмдардын сунуштамасы менен Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин президиуму (пленуму) тарабынан жүргүзүлөт.

3. Сыйлоо тартиби

3.1. Сыйлоо үчүн материалдар кесиптик бирликтин борбордук комитети тарабынан кабыл алынганга чейин бир ай калганда кесиптик бирликтин борбордук комитетине жиберилет. Сыйлыкка көрсөтүлгөн материалдардын мөөнөтү катталган күндөн баштап алты айга чейин жарактуу.

3.2. Сыйланган адамдын эмгек китепчесине сыйлоо жөнүндө токтомдун күнү жана номери көрсөтүлүп, тиешелүү жазуу жүргүзүлөт.

4. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин Ардак грамотасы менен сыйлоонун тартиби.

4.1. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин Ардак грамотасы» менен кесиптик бирлик кыймылын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн кесиптик бирликтин кызматкерлери, билим берүү жана илим тармагындагы кесиптик бирликтин активисттери, республиканын мамлекеттик жана коомдук ишмерлери, чет элдик мамлекеттердин жана Эл аралык кесиптик бирлик уюмдарынын өкүлдөрү сыйланышат.

4.2. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлануруга көрсөтүлгөндөр билим берүү уюмдарында 10 жылдан кем эмес стажысы, же 5 жылдан кем эмес кесиптик бирлик уюмдарында иштеген стажысы болууга тийиш. Республикалык кароо жана конкурстардын жеңүүчүлөрүнө артыкчылык берилет.

4.3. Сыйлоо жөнүндө сунуштама кесиптик бирликтин баштапкы уюмдары тарабынан демилгеленет. Белгиленген үлгүдөгү сыйлоо баракчасына кесиптик бирлик ишинде сиңирген эмгеги жана жетишкендиги чагылдырылган кыскача мүнөздөмө жазылат жана кесиптик бирлик уюмунун президиумунун токтому менен сунушталат.

4.4. Сыйлоо баракчасына кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттеринин төрагалары кол коюшат, мөөр басылат жана райондук, шаардык комитеттин чечиминин көчүрмөсүн тиркөө менен кесиптик бирликтин борбордук комитетине жөнөтүлөт.

4.5. Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин төш белгиси жана Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүлгөндөр төмөнкү документтерди тапшырышат:

- Кесиптик бирликтин райшаарлардын комитетинин сунуштамасы;
- Сыйлоого көрсөтүлгөндүн аты-жөнүн (А.А.А), кызматын, иштеген жерин көрсөтүү менен кесиптик бирликтин райшааркомдордун комитетинин президиумунун токтомунун көчүрмөсү;
- Ар бир талапкерге белгиленген үлгүдөгү сыйлоо баракчасы.

4.6. Түздөн-түз баш ийүүдөгү кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттери сыйлоо материалдарын кесиптик бирликтин борбордук комитетине жөнөтүшөт.

4.7. Кээ бир учурларда кесиптик бирликтин борбордук комитети президиумга сыйлоо жөнүндө сунушту киргизүүгө укуктуу.

4.8. Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин Ардак грамотасы менен иштөөчүлөрдүн жана студент жаштардын укугун жана таламдарын коргоо иштеринде активдүүлүгү жана жогорку жетишкендиги үчүн билим берүү жана илим уюмдарынын жамааттары, кесиптик бирлик уюмдары да сыйланышы мүмкүн.

4.9. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси жана кесиптик бирликтин борбордук комитетинин Ардак грамотасы менен сыйлоо Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин президиумунун (пленумунун) токтому менен жүргүзүлөт.

4.10. Төш белгини жана тиешелүү күбөлүктү, ошондой эле кесиптик бирликтин борбордук комитетинин Ардак грамотасын тапшыруу сыйлоо жөнүндө токтом кабыл алынгандан кийин бир айдын ичинде кесиптик бирликтин борбордук комитетинин тапшырмасы боюнча салтанаттуу кырдаалда жүргүзүлөт. Кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттери төш белги менен кошо учурунда өз каражаттарынын эсебинен 500 сомдон 3000 сомго чейинки өлчөмүндө кошумча акчалай сый акы берүүгө укуктуу.

4.11. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси менен сыйланган кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттеринин, Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин аппаратынын кызматкерлерине, КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин 26.03.2004 №19 токтомуна ылайык кызматтык окладдарына ай сайын 10 процент өлчөмүндө кошумча акы белгиленет.

4.12. «Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин мыктысы» төш белгиси менен экинчи жолу сыйлоо жүргүзүлбөйт. Кезектеги сыйлыкка талапкерлерди көрсөтүү мурда сыйланган учурдан үч жылдан кийин жүргүзүлөт.

4.13. Жоголуп кеткен төш белгинин күбөлүгүнүн дубликаты сыйлангандын арызы, кесиптик бирликтин регионалдык уюмдарынын сунуштамасы менен Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин төрагасынын уруксаты боюнча берилет.

4.14. Төш белгиден ажыратуу кесиптик бирликтин борбордук комитетинин президиуму тарабынан гана жүргүзүлөт.

4.15. Сыйлыкка негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар жеке жоопкерчилик тартышат.

4.16. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин сыйлыктары менен сыйлоого келип түшкөн документтердин убактысы:

- Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата (1-октябрь);
- Окуу жылын жыйынтыктоого карата (25-май).
- Жылды жыйынтыктоого карата (декабрь);
- Билим берүү уюмдарынын мааракелерине карата (мааракеге 1 ай убакыт калганда).

5. КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин «Жылдын Бакайы», «Жылдын Датка Айымы», «Жылдын Мырзасы», «Жылдын Айымы» ардактуу наамдарын берүүнүн тартиби

5.1. Кесиптик бирликтин, бардык деңгээлдеги билим берүү жана илимий уюмдардын жетекчилерине, республиканын жана чет элдик өлкөлөрдүн, мамлекеттик жана коомдук ишмерлерине, Эл аралык кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнө ыйгарылат.

5.2. Ардактуу наамдар жыл жыйынтыгы боюнча жыл сайын билим берүү жана илим чөйрөсүнүн кызматкерлеринин социалдык жана экономикалык маселелерин чечүүгө, тармактык жана Эл аралык кыймылды өнүктүрүү, кесиптик бирликтин мүчөлүгүнө тартууга кошкон ири салымдары үчүн ыйгарылат.

5.3. Ардактуу наамдарды ыйгаруу кесиптик бирликтин борбордук комитетинин сунуштамасы боюнча кесиптик бирликтин борбордук комитетинин президиуму тарабынан жүргүзүлөт.

5.4. «Жылдын Бакайы», «Жылдын Датка Айымы», «Жылдын Мырзасы», «Жылдын Айымы» ардактуу наамдарын ыйгаруу тиешелүү дипломду, ыйгарылган наам жазылган лентаны жана белекти берүү менен коштолот.

5.5. Ардак наамга татыктуу болгондорго жер-жерлердеги кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттери өз каражаттарынын эсебинен 1000 сом өлчөмүндө сый-акы берүүгө укуктуу.

5.6. Ардак наамдарын ыйгаруу экинчи жолу жүргүзүлбөйт.

5.7. Ардак наамдарды ыйгаруу жөнүндө коомчулукка ЖМК аркылуу кабарланат.

6. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин Алкышын жарыялоонун тартиби

6.1. Билим жана илим кызматкерлеринин борбордук комитетинин Алкышы билим берүү жана илим тармагынын кесиптик бирлик кызматкерлерине, жамааттарына төмөнкү иш-чараларга байланыштуу жарыяланат:

- Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин же аймактык кесиптик бирлик органдарынын тапшырмасы боюнча өткөрүлгөн бир жолку иш-чаралары үчүн (конкурстар, кароолор ж.б.);

- Кесиптик бирликтин борбордук комитетинин даректүү тапшырамаларын жогорку деңгээлде аткаргандыктары үчүн;
- Кесиптик бирликтин ишиндеги ийгиликтери үчүн.

6.2. Алкыш активдүү жардам көрсөткөндүктөрү жана социалдык өнөктөштүктөрү үчүн башка тармактын кызматкерлерине да ыйгарылышы мүмкүн.

6.3. Алкышты ыйгаруу жөнүндө сунуштама, анын эмгектеги ийгиликтерин жана жетишкендиктерин, иш-чараны өткөрүүгө түздөн-түз кошкон салымын чагылдыруу менен Кесиптик бирликтин борбордук комитетине жөнөтүлөт.

6.4. Алкыш билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин төрагасынын буйругу менен жарыяланат.

КР Билим жана илим кызматкерлеринин
кесиптик бирлигинин Борбордук комитети